Өмүралиева Д. К.

# АУДИТ - УЧУР ТАЛАБЫ

*В статье «Аудит - требование времени» автором изложены исторические основы, место и роль аудита в условиях рыночной экономики. Рассматривается необходимость аудита в переходный период рыночной экономики в условиях Кыргызской Республики, а также выдвинута идея использования аудита, в условиях СЭЗ «Нарын» в качестве одного из основных резервов улучшения экономики региона.*

Кыргызстандын экономикасынын рынок мамилелерине өтүшү ишкердүүлүктүн ар кандай субъектилеринин мамилелерин жөнгө сала турган жаңы экономикалык институттардын пайда болушуна алып келди.Мындай институттардын ичинде өзгөчө орунда аудитордук институт турат.

Аудит, аудитордук ишкердүүлүк деген эмне? Аудит-бул отчеттуулуктун, эсеп - кысаптын тактыгын, туура жүргүшүлүшүн.алардын мыйзам ченемдуу жана тиешелүү нормативдик актыларга жооп бере тургандыгын аныктоого багытталган бухгалтердик, финансалык отчетуулуктун жана алгачкы эсеп - кысаптын документтерин ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъектилердин финансалык - чарбалык иштери тууралуу башка маалыматтарды көз карандысыз изилдев же текшерүү жүргүзүү.Аудиттин башкы максаты - аудиттик текшерүүдөн өткөн жактардын бухгалтердик (финансалык) отчеттулугунун так жана тууралыгын, алар тарабынан жургүзулгон финансалык операциялардын мыйзам ченемдүү нормативдерге туура келүүсүн аныктоо.

Аудитордук ишкердүүлүк - бул келишимдин негизинде аудиторлор же аудитордук уюмдар тарабынан чарба жүргүзүүчү субъектилердин бухгалтердик отчетторун, балансаларын, эсептөөлөрүн, салык декларацияларын жана башка докумештерин алардын тактыгын жана тууралыгы жана жүргүзүлгөн финансалык жана чарбалык операциялардын мыйзам ченемдуу, нормативдик актыларга туура келүүсү жонүндө өз оюн бутум түрүндо билдирүүгө багытталган кез карандысыз текшерүү формасында жүргүзүлүүчү ишкердүүлүк.

Аудитор жана аудитордук уюмдар эмне жумуш аткарышат? Аудитор - бул белгилүү бир мөөнөткө ишкананын финансалык - чарбалык ишкердүүлүгүнүн ал абалын текшерууча адис. Аудитор болуп кесиптик талаптарга толук жооп бере ала турган,белгиленген тартипте аттестациядан өткөн жана тиешелүү лицензияга ээ болгон гана адис иштөөгө акылуу.

Аудитордук уюм катары жалан гана аудитордук ишкердүүлүктү жүргүзүүчү,ишкердүүлүк жүргүзүү үчүн белгиленген тартипте лицензия алган коммерциялык уюм эсептелет.

Аудиттин тарыхына кайрылсак анын учу тереуге кетет. Эн алгачкы көз карандысыз аудиторлор X1X кылымда Европанын акционердик компанияларында пайда болгон. «Аудит» деген термин латын сөзүнөн алынган, сөзмө сез которгондо «угуучу», «угат» дегенди билдирет. Аудиттин тарыхый мекени болуп Англия эсептелет. Англияда 1844 жылдан баштап компаниялар жөнүндө мыйзамдардын сериялары чыгарылып турат. Бул мыйзамдарга ылайык компаниялар жылына бир жолудан кем эмес атайын даярдыктан өткөн адисти бухгалтердик счетторду жана отчетту текшерүү үчүн чакырууга милдеттүү. Текшерүүнүн жыйынтыгы акционерлердин жыйынында талкууланат. Россияда аудитордук наам Петр 1 тарабынан киргизилген. Адитордук ишкердүүлүк рынок экономикасы

өнүккөн бардык өлкөлөрдө ишке ашырылат. Аудиттин келип чыгышы ишканан башкаруучулары менен анын ишкердүүлүгүнө салым кошкон акционерлер, менч ээлери, инвесторлордун ортосундагы кызыкчылыктардагы айырмачылыкка байланыш болгон. Каражат ээлери башкаруучулар тарабынан берилген финансалык маалыматта ишене алышпады. Ишканалардын тез-тез банкротко учурашы, администрация тарабын жүргүзүлгөн алдамчылык аракеттер финансалык салымдарды тобокелге салууну күчөтк Акционерлер администрация тарабынан берилген отчеттор ишкананын финансалык абалын туура чагылдырарына толук ишенич үчүн бул отчетторду текшерип жа тууралыгын ырастоочу ,толук ишенүүгө мүмкүн боло турган адистерди- аудиторлор чакыруу зарылдыгы келип чыккан. Акыйкатчылык жана көз карандысыздык аудиторло коюлуучу эӱ негизги талаптар болгон.

Кыргызстанда аудитордук ишкердүүлүгүнүн өнүгүшү мурдагы Союздун бап мамлекеттериндей эле «кайра куруу» жылдарына туш келет. Кыргызстанда эӱ алгачкы карандысыз аудитордук фирма «Аудит ЛТД» милдетүүлүгү чектелген коом түрүндө 1 жылы түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 26 январь 1993 жылдагы № 33 токтому мен «Кыргыз Республикасындагы аудитордук ишкердүүлүк жөнүндө убактылуу Жобо бекитилген. Бул токтомдун негизинде Кыргыз Республикасынын экономика жа финансы министрлигинин 13 сентябрь 1993 жылдагы № 47-п/3 буйругу менен Кыр Республикасындагы аудитордук ишкердүүлүк боюнча Кенеш жөнүндө Жобо» жана уш эле датадагы № 48-п/3 буйругу менен «Кыргыз Республикасынын территориясын аудитордук ишкердүүлүктү лицензиялоонун тартиби жөнүндө Жобо «бекитилген.Кеӱешт чечими менен 1993 жылдын ноябрында төмөндөгү юридикалык жактарга аудитор ишкердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү алгачкы лицензиялар берилген : «Кыргызауди «Аудит ЛТД», «Эсеп ЛТД».1997 жылдын 1 январына карата республикада 26 аудитор фирмалар жана 24 жеке адамдар аудитордук ишкердүүлүк менен алектенишкен. фирмалар жана жеке адамдарды 3 категорияга бөлүүгө болот

1. Жогорку категориядагылар. Бул категориядагылар менчиктин кайсыл гана түр кирбесин бардык чарба жүргүзүүчү субъектилерге ар кандай кызмат корсотүп,кеӱеш бер аудитордук текшерүү жүргүзө алышат.Мисалы, «Кыргызаудит», « Аудит-сервис», «Ау ЛТД» ж.б.

2. Биринчи категориядагылар. Биринчи категорияга кирген фирмалар ж аудиторлор да менчиктин түрүнө карабастан аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүш аудитордук кызмат көрсөтүп,кенеш бере алышат. Бирок булар баалуу кагаздар рыногу банктарга ,чет элдик капитал катышкан компанияларга жана инвестициялык фонддо текшерүү жүргүзүүгө акысыз. Мисалы, «Эркин-аудит», «Эврика», «Торг-аудит» ж.б.

3. Экинчи категориядагылар. Экинчи категориядагы фирмалар жана аудитор дагы меничиктин түрүнө карабастан текшерүүлөрдү жүргүзүп,кеӱештерди берип,ар кан аудитордук кызматтарды көргөзө алышат. Бул категорияга «Агро-эсеп», «Аудит прай «Аудит-экс» сыяктуу фирмаларды кошууга болот.

Турмуш рынокко карай ишенимдүү кадам таштаган сайын аудит тармагында алдыга жылуулар байкалып, аз да болсо тажрыйба топтолуп, мурунку кабыл алын нормативдик актылар өз милдетин толук аткара албай калуусу, аудит ишкердүүлүгү укуктук негиздерин жөнгө салуучу мыйзамга болгон зарылдыкты жана бул актыла тиешелүү толуктоолорду киргизүү зарылдыгын пайда кылды. 1998 жылдын 21 январы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 48 токтому менен «Кыргыз Республикасы

аудитордук ишкердүүлүктү лицензиялоонун тартиби жөнүндө Жобо» бекитилген. Жобого ...ялык аудитордук ишкердүүлүктүн төмөндөгү түрлөрүнө лицензия берилмекчи:

- ишканалардын жана бирикмелердин жалпы аудита;
- банктардын, кредиттик бирикмелердин жана алардын союздарынын жана ассоциацияларынын аудити
- баалуу кагаздардын, биржалардын, камсыздандыруу мекемелеринин, инвестициялык, пенсиялык жана башка фонддордун аудити.

Лицензиялар беш жылдык мөөнөткө берилет. Лицензияларды эсепке алуу жана лицензиялык эрежелердин сакталышын көзөмөлгө алуу жагы да аудит боюнча Кеңешке жүктөлгөн. Республика төмөндөгү аудиторлорго квалификациялык сертификат берилген:

| № п.п | Аудитордун фамилиясы, аты | Квалификациялык сертификаттардын түрлөрү | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы аудит | | Банкалык аудит | | Баалуу кагаздар рыногунун аудити | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 1 | Леднева Н.Е. | 000001 | 14.06.99г. | 000001 | 14.06.99г. | 000001 | 14.06.99г. |
| 2 | Боронбаев С. | 000002 | 14.06.99г. | 000002 | 14.06.99г. | 000002 | 14.06.99г. |
| 3 | Гофлин Л.Г | 000003 | 14.06.99г. | 000003 | 14.06.99г. | 000003 | 14.06.99г. |
| 4 | Каримов Ж. | 000004 | 14.06.99г. | | | | |
| 5 | Абыдынов Н. | 000005 | 14.06.99г. | 000005 | 14.06.99г. | 000005 | 14.06.99г |
| 6 | Рентель Л.И. | 000006 | 14.06.99г. | | | | |
| 7 | Дыйканалиева А.Э. | 000007 | 14.06.99г. | | | | |
| 8 | Азаркул кызы З. | 000008 | 14.06.99г. | | | | |
| 9 | Винникова В. В. | 000009 | 14.06.99г. | 000009 | 14.06.99г. | 000009 | 14.06.99г. |
| 10 | Куринина В.С. | 000010 | 14.06.99г. | | | | |
| 11 | Колосова Л.С. | 000012 | 14.06.99г. | 000006 | 14.06.99г. | 000004 | 14.06.99г |
| 12 | Калядина Л.Е. | 000013 | 14.06.99г. | | | | |
| 13 | Пищулина Л.С. | 000014 | 14.06.99г. | | | | |
| 14 | Бочарникова Т.Ф. | 000015 | 14.06.99г. | | | | |
| 15 | Сабко С.В. | 000016 | 14.06.99г. | | | | |
| 16 | Самарская Е.Ф. | 000017 | 14.06.99г. | | | | |
| 17 | Жильцова Т.А. | 000018 | 14.06.99г. | | | | |
| 18 | Акопян Т. И. | 000019 | 14.06.99г. | | | | |
| 19 | Марфина О.Н. | 000020 | 14.06.99г. | | | | |
| 20 | Севрюкова О.В. | 000023 | 14.06.99г. | | | | |
| 21 | Качаева И.М. | 000024 | 14.06.99г. | 000007 | 14.06.99г. | 000006 | 14.06.99г. |
| 22 | Давыдова Т.П. | 000026 | 14.06.99г. | | | | |
| 23 | Халип Л.И. | 000027 | 14.06.99г. | | | | |
| 24 | Самудинов К. | 000029 | 14.06.99г. | | | | |
| 25 | Алексеева В.П. | 000030 | 14.06.99г. | | | | |
| 26 | Пономерев А. И. | 000031 | 14.06.99г. | | | | |
| 27 | Садыков К. Р. | 000032 | 14.06.99г. | | | | |
| 28 | Садыкова А. Р. | 000033 | 14.06.99г. | | | | |
| 29 | Лабонова В.А. | 000034 | 14.06.99г. | | | | |
| 30 | Осмонова Б.Т. | 000035 | 14.06.99г. | | | | |
| 31 | Чупрета О.А. | 000036 | 14.06.99г. | | | | |
| 32 | Гелазова Н.Г. | 000037 | 14.06.99г. | | | | |
| 33 | Морозова Е.Г. | 000038 | 14.06.99г. | 000004 | 14.06.99г. | 000002 | 14.06.99г. |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 34 | Долгополова Л.А. | 000039 | 14.06.99г. | | | | |
| 35 | Парфенова Т.Ф. | 000042 | 14.06.99г. | 000010 | 14.06.99г. | 000008 | 14.06.99г. |
| 36 | Красников А.А. | 000043 | 14.06.99г. | | | | |
| 37 | Новикова Н.Д. | 000044 | 14.06.99г. | | | | |
| 38 | Омурканов Ж. К. | 000045 | 14.06.99г. | | | | |
| 39 | Сологуб М.В. | 000041 | 14.06.99г. | | | | |
| 40 | Минякова Л. В. | 000046 | 14.06.99г. | | | | |

(«Финансово-налоговый вестник» журналы №5 саны 1999ж.)

Бардык өнүккөн елкелерде көз карандысыз Аудиторлордун Палатасы түзүлгөн. Палатанын негизги милдети болуп аудитордук ишкердүүлүк боюнча стандарттарды иштеп чыгуу, аудиторлордун иштеринин сапатына көзөмөл жүргүзүү. аудитордук ишкердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү документтерди берүү, аудиторлорду аттестациялоо эсептелет. Республиканын аудиторлор жана аудитордук фирмалары тарабынан 1996 жылдын 13 апрелинде уюштуруу конференциясы өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Аудиторлорунун Палатасын түзүү боюнча чечим кабыл алынган. Палатанын составына 47 аудитор жана 22 аудитордук бирикмелер кирген. Палата түзүлгөн мезгилден бери аны сапаттык, .сандык жактан өстүрүү боюнча бир катар иштер жүргүзүлдү. 1999 жылдын 1 майына карата анын курамына 42 аудитор жана 105 фирма кирген. Палатанын ишинин негизги багыттары :

- аудиторлорду даярдоо жана кайра даярдоо - окуу борборун түзүү;
- аудит боюнча мыйзамдын долбоорун жана улуттук стандарттарды иштеп чыгуу;
- информациялык бюллетенди чыгаруу;
- «Аудит Кыргызстанда» аттуу илимий-практикалык конференцияны жыл сайын өткөрүп туруу;
- аудитордук кесипти кеүири жайылтуу;
- аудиторлор тарабынан кесиптик этиканын дайыма сакталышын камсыз кылуу.

Бул багыттар боюнча Палата белгилеп кетүүгө арзырлык алгылыктуу иштерди аткарды:

- «Кыргызстандагы аудитордук ишкердүүлүктүн убактылуу Жобосун» иштеп чыгуу;
- аудиторлорду жана аудитордук фирмаларды аттестациялоонун жана лицензиялоонун системасын иштеп чыгуу;
- аудиторлордун кесиптик этикасынын Кодекси иштелип чыгып, ишке киргизилди;
- аудитордук кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна маркетингдик изилдөөлөр жүргүзүлдү;
- Палатанын президента жана башкы эксперти СНГ өлкөлөрүндөгү бухгалтердик эсептин методологиясы боюнча аудиттик Координациялык Кеўештин Жумушчу тобунун курамына мүчө болуп кирет;
- «Аудитордук ишкердүүлүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоо;
- «Аудитордук ишкердүүлүк жөнүндөгү» Мыйзамдын долбоорун эл аралык экспертизадан өткөрүүнү уюштуруу;
- аудит боюнча улуттук стандарттардын долбоорун иштеп чыгуу(31 стандарт);
- Палатанын мүчөлөрүн бухгалтердик эсептин счетторунун эл аралык планы жана бухгалтердик эсептин жаўы Кыргыз стандарттары боюнча окууларын уюштуруу;

- СНГ өлкөлөрүнүн Эл аралык Аудиторлор Палатасынын уюштуруута Кыргыз Республикасынын Аудиторлор Палатасынын катышуусу (жумушчу токтомуна кол коюлду);
- Палатанын эксперттеринин СНГ өлкөлөрү үчүн «Аудитордук ишкердүүлүк жөнүндө» Мыйзамынын моделдик долбоорун даярдоого катышуусу;
- Кыргыз Республикасынын Аудиторлор Палатасы менен Россиялык аудиторлор Коллегиясынын, Кыргыз Республикасынын көз карандысыз баалоочулар Палатасынын, Кыргыз Республикасынын башкаруу, өнүктүрүү жана бизнес-долбоорлоо боюнча кесиптик консультанттар Палатасынын ортосунда эки тараптуу келишимдер түзүлгөн;

в СНГ өлкөлөрүнүн Аудиторлор Палаталары менен кеп тараптуу кызматташтык боюнча токтомго кол коюлду;

- Палатанын эксперттери бухгалтердик эсептин Кыргыз Улуттук Бухгалтердик Стандарттарын иштеп чыгууга катышышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӱеши тарабынан 1998 жылдын 3 июнунда «Аудитордук ишкердүүлүк жөнүндө» Мыйзам кабыл алынды. Бул мыйзам Кыргыз Республикасындагы аудитордук ишкердүүлүктүн укуктук негиздерин аныктайт жана менчик ээсинин жана муктаж тараптардын мүлктүк кызыкчылыктарын коргоого мүмкүнчүлүк түзүүчү квз карандысыз финансалык көзөмөлдүн системасын түзүүгө багытталган.

Аудиттин аныкмасынан, максатынан көрүнүп тургандай аудит ишкердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнүн өнүгүшүнө жагымдуу жагдай түзүп, экономикалык кылмыштуулукка жана көмүскө экономикасына каршы күчтүү куралдын кызматын аткарып, рынок экономикасынын ажырагыс бир бөлүгү катары турмушубуздан өз ордун ала баштады. Бирок, тилекке каршы, биздин облусубузда аудитти өнүктүрүүгө тиешелүү маани берилбей келе жатат. 1991 жылдан бери Нарын облусу эркин экономикалык аймак болуп жарыяланган. Ушул мезгилге чейин эркин экономикалык аймакка тиешелүү артыкчылыктар толук пайдаланылбай калууда. Чет элдик инвесторлорду тартуунун эффективдүү иш-чаралары жокко эсе. Кийинки эле жылдары эркин экономикалык аймактардын катарына кирген Бишкек шаарынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүн облусубуздуку менен салыштыра келеек асман менен жердей айырмачылыктарга дуушар болобуз. Борбор шаарыбыздын эркин экономикалык аймак катары өнүгүшүнө шаардагы жайгашкан аудиттик уюмдардын да салымы бар экендиги талашсыз.

Облустун экономикасын өнүктүрүүнүн жана рыноктук мамилелердин кеуири кулач жайышынын негизги резервдеринин бири катары аудитти пайдалана билүү - учурдун талабы.

## АДАБИЯТТАР

1. Аксененко А.Ф. Аудит: современная организация и развитие. Бухгалтерский учет, 1992,№4.
2. Антонов А.С. Организация аудиторской деятельности Бухгалтерский учет,1994,№4.
3. Арене А.,Лоббек Дж. Аудит.М.1995.
4. Аудит. Учебник.Под ред.проф.Подольского.М.1997.
5. Биримкулова К.Аудит: Проблемы и решения.Учебное пособие.Б. 1998.
6. Данилевский Ю.А. Аудит: организация и методика проведения.М.1992.
7. Закон Кыргызской Республики «Об аудиторской деятельности» от 3июня 1998г.

8. Кондраков Н.П.Проблемы подготовки аудиторов. Бухгалтерский учет,1992,№4.
9. Терехов А.А. Аудит внешний и внутренний. Бухгалтерский учет.1993,№4,6.
10.Чалова К.Бухгалтердик эсеп.Окуу куралы.Б.1996.
П.Шеремет А.Д.,Суйц В.П.Аудит.Учебное пособие.М.1995